Click here to buy ABBYY PDF Transformer 2.0 www.ABBYY.com

УДК: 82:371.3 DOI:10.35803/1694-5298.2021.4.602-608

**ЖОЛДОШЕВА Р.Т.**
[1]Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]Кыргызский национальный университет имени Ж.Баласагына, Бишкек, Кыргызская Республика

**ZHOLDOSHEVA R.T.**
[1]Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, Bishkek, Kyrgyz Republic
Toktogulova.roza@mail.ru

# VII КЛАССТАРДА Т.КОЖОМБЕРДИЕВДИН ЧЫГАРМАЛАРЫН ОНЛАЙН ОКУТУУДА ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАРДЫ КОЛДОНУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ

# ТЕХНОЛОГИЯ ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ДИДАКТИЧЕСКИХ ИГР В ОНЛАЙН ОБУЧЕНИИ ПРОИЗВЕДЕНИЙ Т.КОЖОМБЕРДИЕВА В VII КЛАССАХ

# THE TECHNOLOGY OF USING DIDACTIC GAMES IN ON-LINE LEARNING IS BASED ON THE WORK OF T.KOZHOMBERDIEV IN THE VII GRADE

*Макалада учурдагы окуу процессинде онлайн окутуу тууралуу кеп козголот. Мугалим окуучулар менен иштИ уюштурууда баары бир билим берүүнүн дидактикалык принциптерине таянып, өзгөчө кайсы компетенцияларга басым жасала турганын тактап, анан аны автордук идеяга айкалыштырып, окуучулар адабий-көркөм ойлоо принцибинде окуп жаткан окуу материалы аркылуу кандай билимге ээ болуусун алдын-ала чечүүсү зарыл экендигине көрсөтөт. Мында убакытты туура пайдалануу үчүн педагогика менен дидактиканын жоболорунда өз ордун тапкан негизги белгилер орун алып, алар онлайнбайланышта таасирдүү касиетке ээ маалыматтык технология менен жабдылганы да маанилүү болуп саналат. Маалымат технологиясын колдонуу сабакка тиешелүү тапшырмаларды аткарууда эмпирикалык мүнөздө болгону менен теориялык маселелерди чечүүгө багыт албаса болбойт. Мугалим алдына койгон максаттар толук аткарылып, автор тарабынан чыгармада камтылган идея окуучуларга жеткиликтүү болору тууралуу кеп козголду.*

***Өзөк сөздөр:*** *дидактикалык оюн, лирикалык каарман, кептик материалдар, интернет булактары, онлайн окутуу, руханий дүйнө, адабият сабагы, көркөм адабият, окутуу усулдары, лирикалык чыгарма .*

*В статье рассказывается об онлайн-обучении в текущем учебном процессе. Учитель указывает, что при организации работы с учащимися все равно необходимо руководствоваться дидактическими принципами образования, уточнять, на какие компетенции будет сделан особый акцент, а затем объединять их в авторскую идею, чтобы учащиеся на принципе литературно-художественного мышления могли заранее решить, какие знания они получат через изучаемый учебный материал. При этом для рационального использования времени важны ключевые признаки, нашедшие свое место в положениях педагогики и дидактики, которые обеспечены информационными технологиями, обладающими впечатляющими свойствами онлайнсвязи. Применение информационных технологий при выполнении заданий урока носит эмпирический характер и не может быть ориентировано на решение теоретических задач. Речь шла о том, что поставленные перед учителем задачи будут выполнены в полной мере, а идеи, заложенные автором в произведении, станут доступными для учащихся.*

***Ключевые слова:*** *дидактическая игра, лирический герой, речевые материалы, интернет-источники, онлайн-обучение, духовный мир, урок литературы, художественная литература, методы обучения, лирические произведения.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*The article describes online learning in the current educational process. The teacher points out that when organizing work with students, it is still necessary to be guided by the didactic principles of education, specify which competencies will be emphasized, and then combine them into an author's idea, so that students can decide in advance on the principle of literary and artistic thinking what knowledge they will receive through the studied educational material. At the same time for time management are important key features, which has found its place in pedagogy and didactics, which provided information technology has impressive properties of online communication. The use of information technologies in the performance of tasks of the lesson is empirical in nature and can not be focused on solving theoretical problems. It was about the fact that the tasks assigned to the teacher will be fully fulfilled, and the ideas laid down by the author in the work will become available to students.*

***Key words:*** *didactic game, lyrical hero, speech materials, online sources, online learning, spiritual world, literature lesson, fiction, teaching methods, lyrical works..*

**Киришүү.** Азыркы учурда окуу процессин онлайн формасында окутуу билим берүүнүн маанилүү бир бөлүгү болуп турат. Ал орто билим берүүнү толук кучагына алды. Онлайнсабакта окуучулардын жаш курагына жараша көркөм чыгармаларды кабыл алуу деңгээлин камсыздоо мугалимдер үчүн бир катар кыйынчылыктарды түзүп жатат. Анткени сабак аралыктан өтүлүп балдардын аракетин көзөмөлдөө жетишсиз болгондуктан, окуучулардын катышуусу да, кызыгуусу да начарлаганы байкалат. Мындай көрүнүш балдардын билим алуусуна терс таасирин тийгизбей койбойт. Ошондуктан адабият мугалими алардын көркөм чыгарманы окуп-билүү кызыкчылыгын дайыма жогорку деңгээлде болушуна кам көрүү зарылдыгы турат. Албетте, адабият сабагында окуучулардын кызыгуусун камсыздоо үчүн мурда түрдүү дидактикалык оюндарды колдонуп келген болсо, онлайн байланышта өтүлүүчү мындай ык-усулдарды пайдалануу баары бир керек экендиги байкалат. Андай оюндардын сабакта аткарган милдети окуу материалын балдарга жеткиликтүү түшүндүрүү кызматын аткаргандыктан, бардык учурда мугалим пайдаланган оюндар бир жагынан окуу процессинде көркөм чыгармадагы автордук идеянын тегерегинде болгону туура.

**Актуалдуулугу.** Эгер ал жогорку деңгээлде болсо мугалимдин монотондуу баяндоосуна караганда таасирдүү болуп саналат. Бирок мугалимдердин көбү даяр, мурда башкалар тарабынан иштелип, жалпыга белгилүү оюндарга басым жасагандыктан, алар окуучулардын көркөм аңдаштыруусуна жеткиликтүү кызмат көрсөтө албай калган учурларды да кездештирип жүрөбүз. Эмне себептен мындай кырдаал түзүлүп калганын талдоого алганда бир нече көңүл бурчу маселелер бар экени байкалат. Алар төмөнкүлөр: 1) мугалим колдонууга ылайык деп эсептеген дидактикалык оюндарды окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, класста конкреттүү окуучулар тарабынан ишке ашырылышына, оюндун шартын балдардын кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө жараша болушун эсепке албагандыктан, андан алынчу натыйжага ээлик кыла албаган учурлар арбын кездешет; 2) оюнда негизги максат балдарга керектүү билим жана таалим-тарбия болгондуктан, аны тандоодо сабактын кызыктуулугуна караганда билим берүү мүмкүнчүлүгү канчалык экендигине басым коюлбай, андан алынган натыйжа ойдогудай болбогон мезгилге мисалдар жетиштүү эле; 3) даяр дидактикалык оюндар көпчүлүк учурда окуучулардын ички кызыкчылыгын ойгото албагандыктан, мугалимдин мындай ык-усулдарды колдонгон сабактары жасалма формага өтүп, ал балдардын ошол багытталган кызыгуусуна маанилүү кызмат кыла албай, натыйжада күткөн результат чыкпай жатканы белгилүү; ж. б.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору.** Мындай байланыш окуу процессине аралашканы өзү менен бир катар кыйынчылыктарды кошо ала келди. Алар коомдук-социалдык чөйрө менен билим берүүнүн ортосунда билинбей келген көптөгөн маселелер бар экенин көрсөтүп, ушул формада окутуу үчүн коомчулукта даярдыктар жетишсиз экенин ачыктады. Балдарга бул окутуу формасын колдонуу менен өтүлгөн сабакта берилген теманы өздөштүрүү

үчүн адабий чыгарманы окуп, жеткиликтүү түшүнүүгө мүмкүндүк берген бардык ык-усулдардын табиятын карап чыгуу зарылдыгы турат. Анткени балдар класстан тышкары билим алуу эрежелери менен мурдатан тааныш болбогондуктан, аны аңдаштыруу, маселенин маани-маңызын туура түшүнүү, автордук ойду ар тараптуу чечмелеп берүү иштерин талапка ылайык өздөштүрө элек болуп жатат. Ал эми мындай көрүнүш кайсы темада болбосун белгилүү бир максатты - түздөн-түз таасирин тийгизип, чыгармада автор тарабынан айтылган идеяны, өзү окуучуга изденүүгө, кандай сүйлөмдөр айтылчу ойду, бөлөктөргө так түшүндүрүүсү мүмкүн экендигине карай чыгарманын пафосун - өзгөчө бала түшүнүп, андагы элестүүлүктү башкаларга жеткирүүгө тийиш болгон бардык маселени туура чечүүдө кыйла оорчулук жаратууда. Окуучулар менен аралыктан түзүлгөн байланыш мугалимдин көзөмөлүндө болбогондуктан, сабакка катышууга мүмкүн болбой калган шарттар да боло калып, берилген убакытта кеп кылчу маселелер толук каралбай калган учурларда кездешүүдө. Ар бир мугалим сабагы балдар үчүн кызыктуу болуп, окуучулардын баары текши активдүү катышуусун камсыздоо максатында түрдүү иш-чараларды уюштурбаса, тестиер өспүрүмдөрдүн ойноок кыялы, ага ылайык келген түрдүү кызыкчылыктары окуу процессинен тышкаркы жумуштарга алаксытып, ортодо сабак аркылуу берилчү маалыматтар мугалим койгон максатка ээ болбой калганы кимди болбосун ойлондурбай койбойт.

Онлайн байланышта өтүлгөн сабактар деле салттуу сабактардай натыйжа бериш үчүн мугалим сабактын жүрүшүн, анда колдонулуучу ык-усулдарды, окуучулардын ички активдүүлүгүн ойготуучу методдорду алдын-ала ойлонуштуруп, кыска убакыттын ичинде маанилүү маалыматтарды берип калуу иштерин уюштурууга өзгөчө басым жасап, кандай формада өтүлсө балдарды толук катыштырууга мүмкүндүк түзөөрүн дайыма эске алуу [1, 58-б.] зарылдыгы турат. Иштин практикалык мазмуну кандай болоорун мурдатан ойлонуштуруп, андан алынчу натыйжаны көздөгөн педагог сабактын жүрүшүн толук элестетүү менен ага балдардын катышуусу боюнча өзүнүн ык-усулдарын иштеп чыкмайын окуучуга керектүү маалыматты жеткирүү кыйын. Ошондуктан мугалим аралыктан берилчү факты-материалга терең маани берип, анын ар бирине токтолуп, кандай учурда окутулуп жаткан чыгарма б. а. автордун бере турган ою балдардын жаш курагына ылайык сунушталышы керектигине чейин пландаштырылып, анан алардын жүзөгө ашуусуна кызмат көрсөтүүчү ык-усулдарга басым жасаганы туура болуп саналат. Мындай шартта окуучулардын активдүүлүгүн арттыруу алардын өздөрү –чыгармадагы кейипкерлерди элестеп кабылдоо аракеттери, чыгарма менен сабакка чейин тааныштыгы, андагы окуяларды сезип-түшүнүүсү ж. б. формасында жеке ролго алып чыгууга умтулушат. Мугалим сабакта мындай ролдорду окуучулар арасында түзө албаса, анда балдардын онлайнсабакка катышуусу төмөндөп, сунушталган окуу материалын кабыл алуусу кескин начарлай турганы байкалды. Муну өз учурунда ойлонуштурбаса убакыт өткөн сайын окуучулардын сабакка катышуусу начарлап, ал тургай жоопкерчилиги төмөндөп, билим үзгүлтүккө учурашы мүмкүн. Ошондуктан аны сабакка чейин пландаштырып, окуучулардын активдүүлүгүнө карап, кимиси кандай милдет аткаруусун алар менен алдын-ала сүйлөшүп, теманы түшүнүү жана башкаларга өз оюн жеткире билүү мүмкүнчүлүгүнө карай суроо-тапшырмаларды түзгөнү оң. Андай тапшырмалар балага билим берүүсүнө карай бир нече баскычтан туруп, аны педагог сабактын жүрүшүндө түрдүү баскычта колдонуусуна ылайыкташканы маанилүү болуп саналат. Ал салттуу сабактарда пайдаланылгандай эле аткарчу кызматына жараша бөлүштүрүлүп, ар бир баланын кызыгуусун арттырчу белгилери боюнча берилбесе күткөн натыйжага ээ болбой калат. Мында баланын кабылдоо чеберчилиги маанилүү орунда тургандыктан, адабий чыгарманы үйрөнүү учурунда эмнеге көңүл буруу керектиги да эске алынууга тийиш. Ошондой эле чыгарманын мазмунуна карай суроо-тапшырмаларды тандоо көпчүлүк учурда автордун адабий чыгармасын жетекчиликке алуу менен жүргүзүлгөнү туура. Мугалим окуучулар менен ишти уюштурууда баары бир билим берүүнүн дидактикалык принциптерине таянып, өзгөчө кайсы компетенцияларга басым жасала турганын

тактап, анан аны автордук идеяга айкалыштырып, окуучулар адабий-көркөм ойлоо принцибинде окуп жаткан окуу материалы аркылуу кандай билимге ээ болуусун алдын-ала чечпесе болбойт. Ошондуктан сабактын максаты чыгарманын идеясына, жанрдык табиятына, мугалимдин сөз менен иштөө чеберчилигине ылайык түзүлүп, окуучулар үчүн белгилүү көндүмдөрдү пайда кылуу жагын бир нече вариантта болушун камсыздап, иштин мазмуну тыкыр иштелген коммуникативдик байланышта жүргөнү маанилүү орунда турат.

Мындай мамиле окутуунун усулдарын тандоого да түздөн-түз тиешеси болот, б. а. мугалим сабакты уюштурууда ага балдардын активдүү катышуусуна жетишүү үчүн темага байланышкан кызыктуу факты-маалыматтарды айтып берүү маселеси менен чектелбестен, ошол маалыматтардын келечекте окуучу үчүн кандай пайдасы болушу мүмкүн экендигин [2, 123-б.], ал ошол сыяктуу чыгармаларды талдоо боюнча балага кандай жардамдарды берип, сабактан тышкары турган шартта колдонуу мүмкүнчүлүгүнө эмне кире турганын билиши керек. Антпесе, сабакта окуучуларга бериле турган маалыматтар - окуу материалдары, көркөм адабияттын айрым үзүндүлөрү, окууга жана жаттоого сунушталуучу тексттер, кээ бир тапшырмалар, ж. б. орду аныкталбай, сабактын жүрүшү чар-жайыттуулукка өтүп кетүүсү мүмкүн. Андай мүчүлүштүктөргө жол бербеш үчүн окуучулардын синхрондук байланышын күчөтүп, коммуникативдик компетенциялардын калыптануусу үчүн маанилүү болгон **сүйлөө** жана **сүйлөшүү багытында** ойлорду *туура айтуу*, өзгөчө сабакта *монологдук*, ошондой эле *диалогдук* речти жөнгө салуучу иштерди өркүндөтүүчү дидактикалык оюндарды онлайнсабактарда пайдалануу зарылдыгы турат. Ал окуучулардын активдүүлүгүн камсыздоочу ык-усулдарга басым коюуну талап кылат. Аны дидактикалык оюндардын мазмунунда жүзөгө ашыруу класстагы окуучулардын психологиялык жактан даярдыгына б. а. мугалим тарабынан сунушталган көркөм адабияттагы образды түрдүү жагынан карап, анан анын ролуна киришүүдө негизги вазыйпасы эмне экенин, акын чыгармасы аркылуу окурманга жеткизүүгө басым жасаган идеяны таап, болушунча бир нече вариантта ачып көрсөтүүгө багытталган аракетин жалпылаштырып, өзүнүн сүйлөө кудуретин жогорку деңгээлде көрсөтө билүүсүнө артыкчылык берилет. Мында мугалим эки жагдайга көңүл бурушу керек: 1) окуу процессинде, коомдук-социалдык чөйрөдө сүйлөө жана сүйлөшүүнүн эрежелери буга чейин иштелип чыккандыктан, адабият мугалими Т.Кожомбердиевдин чыгармаларын окутууда андан окуучулар тарбия алчу маселелерди аныктап, аны кандай формада берсе идеялык мазмунду ачып берүү жеңил боло турганын автордук позициядан карап, анан ага ылайык келчү дидактикалык оюндарды тандоосу керек; 2) окуу программасында коюлган талаптарды ишке ашырууда баланын руханий дүйнөсүнө таасир берүүчү кырдаалдарга байкоо салып, ар бир окуучуну “лирикалык каармандын” ролуна өткөрүп, аны бала кандай элестетсе, дал ошондой өз чөйрөсүнө айтып түшүндүрүү кептик эрежелерди так сактоо менен риторикалык көркөм речти туура пайдалануу коммуникативдик компетенцияны калыптандыруусу керек.

Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V-XI класстары үчүн түзүлгөн “Кыргыз адабиятынын программасында (2017) 7-класста Т.Кожомбердиевдин “Апа” поэмасын окутууга 2 саат берилген. Программалык талап боюнча 7-класстын окуучулары поэманы окуп-үйрөнүү менен “Эненин образын, эне бала мамилесин, эненин улуулугун толук аңдай билүүгө тийиш. Окуучуларга “Апа” поэмасын окутуудан мурдагы сабакта аларга эне, бала ж онүндөгүмакалдарды таап, жаттап келүү тапшырмасы берилет. Мындай тапшырманын максаты кийинки Т.Кожомбердиевдин “Апа” поэмасын окутуунун алдында окуучулар арасында макал айтышуу уюштуруу жана ал аркылуу эне жана бала жөнүндөгү окуучулардын маалымат түшүнүктөрүн кеңейтүү болуп саналат.

Энеге байланыштуу макалдардан ; эне сыйлаган элине жагат; эне тоодогу булак ; эненин көөнү балада, баланын көөнү талаада; эне сүтүн актоо – унутулгус парз; эненин мээриминде мээрим жок, энеге баланын алалыгы жок, энесин көрүп кызын ал ж.б. Балага байланыштуу

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

айтылган макалдардан : бала боор эт менен тең; бала оюнга тойбойт; бала баланын иши чала; баланы башынан тарбияла; балалуу үй-базар; балам балалуу болгондо билесиң ж.б.

Биз Т.Кожомбердиевдин “Апа” поэмасын окутуудан мурда Баткен облусунун Лейлек районундагы Достук айылындагы “Достук” орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Нуркан Мурзабекова менен биргеликте сабактын планын иштеп чыгып, аталган поэманы окутууну окуучулардын макал айтышуулары менен баштадык. Окуучулар бирден төрткө чейинки макалдарды бардыгы дептерлерге жаздырылды. Андан соң “Апа” поэмасы жөнүндө маалыматтар түстүү фото-сүрөттөр менен коштолуп берилди. Окуучулардын сабакка, өтүлүп жаткан көркөм чыгармага болгон кызыгуулары активдүү болуп, көптөгөн суроолорду беришти. Окуучулар “Апа” поэмасын толук окуп чыгууга дилгир экендиктерин билдиришти. Биз “сабак максатына жетти” деп тыянак чыгардык.


Мындай ык-усулдарды аткарууда адабият мугалими көңүл бура турган дагы бир маселе бар, ал окуучулардын көркөм элестөөсүнө негизделген адамдык жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Балдардын баары эле чыгармалардагы автордун “мен” деген лирикалык каарманын жеткиликтүү түшүнүп, ал башкаларга ачып көргөзүүчү касиеттерди дал өзүндөй аңдаштырып, ички толгонууларын, б. а. Сезим аркылуу кабыл алынчу эмоционалдык-экспрессивдүүлүктү ачып бере албайт. Ошол себептен дидактикалык оюндарды тандоодо окуучулардын сүйлөө манерасына, артисттик чеберчилигине, дикциясына, автордун дүйнө кабылдоосун вариациялай алуу мүмкүнчүлүгүнө, мимикалык-сенсордук рефлекстерине артыкчылык берүү [3, 188-б.] зарылдыгы турат. Мында окуучунун автордун идеясын канчалык деңгээлде түшүнгөнү, кеп болчу ойду башкаларга жеткирүүгө болгон даярдыгы, сүйлөө манерасы, көркөм окуу чеберчилиги, кырдаалды көзөмөлдөй билүү ишмердиги, сөз менен иштөө кудурети ж. б. маселелерди да мугалим эске алышы керек. Жалаң активдүү окуучуларга басым коюу да туура эмес.Ошондой эле окуучулардын баарын активдүү катыштырууга аракеттенип, сабактын алдына коюлган максаттарынан чыгып кетүү да окуу процессинин эффективдүүлүгүнө терс таасирин тийгизет. Андыктан дидактикалык оюндарды колдонууда чыгарманын идеялык мазмунуна басым жасоо, автор берген ойду оюндун негизинде түшүндүрүү жумуштарын жүргүзүү бир катар методикалык иштер менен коштолууга тийиш, алар төмөнкүлөрдү ичине алат:

1) көркөм текст жана ага берилген айрым түшүндүрмөлөр; 2) кептик материалдар; 3) лингвистикалык (тилдик) материалдар же көркөм сөз каражаттарына берилген түшүндүрмөлөр; 4) дидактикалык оюндардын сценарийлери; 5) окуучулардын чыгармага (сюжетке) берген анализдери; 6) автордук идеяны чечмелеп берүүдө ар бир окуучунун жеке көз карашы; ж. б.

Ал эми сабакка сунушталган дидактикалык оюндардын төмөнкүдөй эрежелеринин болушу да шарт: а) сабакта аткарылуучу оюндун шарттары; б) ал эрежелердин баарынын окуучуларга жеткиликтүү болушу; в) дидактикалык оюндун жүрүшү боюнча регламент; г) оюнда кайсылар биринчи экенин, баа кандай кырдаалда коюлбай калуусу мүмкүн экендигин ачыктаган шарттар; д) оюнга катышуучулардын ролдорун жана социалдык абалын, аларга жеткиликтүү болгон интернет булактарын, ага керектүү техникалык каражаттарынар тараптуу кароо менен оюндун жүрүшүн камсыздоо; ж. б.

Т. Кожомбердиевдин “Апа” поэмасын окутууга бөлүнгөн экинчи саатта чыгарма жөнүндө толук маалымат берип, окуучулардын поэмадан алган таасирлери, ой жыйынтыктарын уккандан кийин, поэманын негизинде эне менен балага өз-өзүнчө кластер түзүү тапшырмасы берилди.Окуучулар мындай тапшырманы көңүлдөнүү менен өз алдынча аткарууга абдан аракеттеништи. Натыйжада эне менен балага тиешелүү болгон андан алынган сөздөр аныкталып, кластер түзүлдү:

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com




1-сүрөт. Апа поэмасын окутууга түзүлгөн кластер

Практика көрсөткөндөй, мындай оюндарды сабакта колдонууда көпчүлүк мугалимдер мурда кимдир бирөө тарабынан иштелип чыккан сабактын иштелмелерин пайдаланууга аракет кылышат. Даяр иштелме негизинде окутуу жеңил көрүнгөнү менен ал маселени чечүүдө проблемадан алыс болуп, кээ бир жагдайлар боюнча темадан сырткары кеткен учурларга мугалимди көп кабылтканын айтпай коюуга болбойт. Өзгөчө мындай абал чыгармада автордун идеясын окуучуларга жеткирүү шартында ачык байкалат. Ошондуктан мугалимдин сабактагы ориентациясы дидактикалык оюндарга эмес, ал аркылуу ишке ашуучу автордун дүйнө таанымын балдарга жеткирүүгө бурулушу керек. Жалпысынан дидактикалык оюндар балдарды аракетин сабактын жүрүшүнө топтоо, ойноок психологиясын адабият предмети үйрөтүүчү компетенцияларга буруу, сабакта түзгөн синхрондук байланышты оюн аркылуу бийик деңгээлге жеткирүү, чыгарманы талдоо логикасында речтик материалдарды туура колдонуу, автордун идеясына айкалыштырып, көркөм сөз каражаттарынын жеткиликтүү пайдалануу аракетин көрүү сыяктуу иштерди аткарууга тийиш. Мугалим көңүл бурчу маселелердин бири балдардын жаш курагы экенин да эскерте кетели. Анткени окуучулар көңүлүн оюнга бургандыктан, анда кеп болуучу маселелер талдоо иштерине кирбей, автор лирикаларында чагылдырган идеялык мазмун класстагы бардык окуучуларга толук жетпей калышы мүмкүн. Дидактикалык оюндар автордун көз карашын ачуу максатын көздөп, чыгармадагы идеяны ар тараптуу талдоого алып, окуучулар өз ара пикир алмашуудан сабактын алдына коюлган милдеттерди так аткаруу кызыкчылыгын көздөп, болушунча андан чыгып кетпес үчүн мугалим сабакта оюндун эрежелерин так жана ынанымдуу түрдө берүүсү окуучулардын оюн бир жерге топтоого көмөк көрсөтөт. Ошол себептен адабият мугалими автордун идеясын окуучуларга жеткирүү үчүн лирикалык жана эпикалык чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгүн эске алуу менен дидактикалык оюндун эрежелерин тыкыр иштеп чыкканы маанилүү болуп саналат. Ал окуучулардын адабий билимдеринин калыптануусун жетекчиликке алуу менен иштелгени оң. Ырас, дидактикалык оюндарды уюштурууда автордук идеяны ага жайгаштырып, ошол эле мезгилде андан балдар үйрөнүүчү маселени бөлүп чыгуу иши бир катар оорчулуктарды түзүшү мүмкүн. Психологиялык жактан окуучулар бири-бири менен кыйналбай байланышуу үчүн дидактикалык оюндардын шарттары так жана түшүнүктүү болушу шарт, ошол себептен анын балдар аткаруучу эрежелери бир нече бөлүктөр боюнча системалуу болгону жана анда төмөнкүдөй белгилер сакталышы керек:

а) *сабактын максатына* жана *функционалдык кызматына карай,* б. а. мында сабактын темасын ачууга карата дидактикалык оюндар кандай милдеттерди аткаруусу мүмкүн экендигин толук аныктоо менен андан окуучулар үйрөнүүчү көндүмдөрдү жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн эсепке алуу керек;

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

б) сабакта *оюндун аткарылыш убактысына карай*, б. а. мында мугалим оюндун кызыктуу болушуна жана балдар менен иштөөдө белгиленген мөөнөттүн туура сакталышын камсыздоо;

в) *сабакта билим* жана *тарбия берүүнү уюштуруунун структуралык-композициялык табиятына карай*, мындай шартта дидактикалык оюндар окуучулардын кабылдоосуна таянуу менен бирге балдардын активдүүлүгүн арттыруу, үйрөнүүгө тийиш болгон компетенцияларды калыптандыруу;

г) сабактын *тематикалык өзгөчөлүгүнө* карай, мында балдардын тема боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү максатын көздөгөн дидактикалык оюндар камтылат да, алар негизинен билим жана тарбия берүүнүн комплекстүү аракеттерин ичине алуу менен бирге окуучулардын репродуктивдүү жана продуктивдүү ишмердүүлүгүн камсыздоо багытында иштелип чыккан даяр эрежелерди [4, 89-б.] жетекчиликке алат.

**Жыйынтыгы .** Дидактикалык оюндардын өзөгүн түзгөн эрежелер алдын-ала аныкталган түшүнүктөр менен жабдылып, ал ички мазмунунда окуу-тарбиялоо процессин кыймылга келтирүүчү илимий жактан негизделген долбоорлор аркылуу жүзөгө ашырылганы туура. Мында убакытты туура пайдалануу үчүн педагогика менен дидактиканын жоболорунда өз ордун тапкан негизги белгилер орун алып, алар онлайнбайланышта таасирдүү касиетке ээ маалыматтык технология менен жабдылганы да маанилүү болуп саналат. Маалымат технологиясын колдонуу сабакка тиешелүү тапшырмаларды аткарууда эмпирикалык мүнөздө болгону менен теориялык маселелерди чечүүгө багыт албаса болбойт. Ал сабактын жүрүшүндө белгилүү максатты көздөгөн ойноо аракеттеринен туруп, убакытты рационалдуу пайдаланууга мүмкүндүк берген адекваттуу ык-усулдарга таянган индивидуалдуу мамиленин ар бир окуучуга жасалышын жетекчиликке алат. Ошондо гана мугалим алдына койгон максаттар толук аткарылып, автор тарабынан чыгармада камтылган идея окуучуларга жеткиликтүү болот.

Көркөм чыгармаларды окутууда ал боюнча мугалимдин айтып берүүсү, түшүндүрүүсү ж.б. аракеттери дайыма эле жакшы натыйжаларды бере бербейт. Биздин бекем ишенибизде, көркөм чыгарманы окутуп-үйрөтүүдө окуучулардын өзүлөрүн ишке тартып, ар кандай дидактикалык оюндарды, мелдештерди уюштуруу, кластер түздүрүү, чыгармага жакын болгон турмуштук окуяларды айттыруу, талдоо, диспуттарды уюштуруу кыргыз адабияты сабагынын сапатын көтөрүү натыйжалуугун арттырууга болот.

**Адабияттар тизмеси**

1. Артамонова И.М. Общение в деловой игре как фактор открытия резервных возможностей учащихся и активизация взаимосвязанного обучения видам речевой деятельности [Текст] / И.М.Артамонов, А.Я.Белых / Русский язык и литература в общении народов мира: проблемы функционирования и преподавания. Тезисы докладов и сообщений. (секции 1 - 3 ). - М.: Русский язык, 1990. - 57-65 с.

2. Беспалько В.П. Слагаемые педагогической технологии [Текст] / В.П.Беспалько. - М.: Педагогика, 1989. - 190 с.

3. Вербицкий А.А. Активное обучение в высшей школе [Текст]: контекстный подход /А.А.Вербицкий. - М.: Высшая школа, 1991. - 207 с.

4. Хозяинов Г.И. Педагогическое мастерство преподавателя [Текст] / Г.И.Хозяинов. - М.: Высшая школа, 1988. - 166 с.

5. Оторбаев Б. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] / Б.Оторбаев. – Б.: Айат, 2019, 150 б.

6. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы орто билим берүүчү

кыргыз мектептеринин V-XIкласстары үчүн [Текст] . – Бишкек:2017. - 56 б.
7. Асанбекова Н.А. Кыргыз тили сабактарында этнопедагогиканы колдонуунун зарылдыгы / Н.А.Асанбекова //Вестник КГУСТА. – Бишкек: 2020. - №3(69. - б.385-389. [Электронный ресурс] Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45684305